**Ош Мамлекеттик Университети**
**Эл аралык медицина факультетинин Окуу методикалык кеңешинин кеңейтилген жыйынынын**

№2- ПРОТОКОЛУ

24.10.22 ж. Ош шаары

Окуу методикалык кеңешинин төрайымы: Салиева Р.Ш.
Окуу методикалык кеңешинин катчысы: доц. Базиева А.М.

Катышкандар: 22 (ЭМФ деканы, декандын ОИ боюнча орун басарлары, кафедра башчылары, кафедралардын ОМИ боюнча жооптуулары)
Келбегендер: 0
Чакырылгандар: жок

КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР:

2.1 Болон билим берүү системасынын талабы боюнча студенттер тарабынан мугалимдерди шайлоону даярдоону жана уюштурууну талдоо;
2.2 Студенттердин калдык билимдерин текшерүү жобосун бекитүү
2.3 "Экспериментaлдык окуу планы - Чет өлкөлүк жарандар үчүн жалпы медицина" жана "560001 Чет өлкөлүк жарандар үчүн жалпы медицина 6 жыл" билим берүү программаларын аккредитациялоонун стандарттарынын талаптарына ылайык тышкы эксперттик комиссиянын сунуштарын ишке ашыруу боюнча иш-чараларды талдоо.
2.4. "560001 - Жалпы медицина" (GM), "560100-Коомдук саламаттыкты сактоо" багыттары боюнча көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө даярдык жөнүндө
2.5 Ар түрдүү
1. ЭМФде окуу процессин уюштуруунун абалы жана окуу-методикалык иштердин сапаты
2. Билим берүү программаларын окуу адабияттары менен камсыз кылууну жана жаңылоону талдоо

2.1 Угулду: Окуу методикалык кеңешинин төрайымы Салиева Р.Ш. күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди.

Биринчи маселе боюнча Эл аралык медицина факультетинин деканы, м.и.д.,проф. Р.К. Калматов сөз алды: Акыркы жылдарда, анын ичинде 2022-2023 – окуу жылында, ОшМУ дүйнөлүк билим системасына толук интеграция болуунун көптөгөн аракеттерин көрүп жаткандыгын айтты. Бул максатта Болон системасынын принциптерин ашыруу үчүн ОшМУнун бардык факультеттеринде окуу курсун жана окутуучуну тандоо жүргүзүлүп жатканын айтты.

Тандоо процедурасын ишке ашыруу ирээтин баяндоо үчүн сөз декандын орун басарлары Джумаева Л.М. жана И.Д. Исмаиловго сөз берилди.
Тандоо графикке ылайык жүргүзүлөт, ар бир кафедрадан профессорлук-окутуучулар тарабынан төмөнкү маалыматтар берилүүсү шарт: 1. Окутуучунун орус, кыргыз, англис

тилинде резюмеси 2. Тандоого катышкан предметинин аннотациясы, силлабусу ( 3 тилде) 3. Ютубга жүктөлгөн бир минуталык видеороligининин шилтемеси
Декандын орун басары И.Д. Исмаилов кошумча суроолорго жооптор төмөнкү жободо бар экендигин айтты https://base.oshsu.kg/resurs/document/PDF-20230406101846-usekov85.pdf .
Талкуу:
Джолдубаев С., Салиева Р., Исмаилов И.Д., Курбанбаев О.И., Джумаева Л.М., Момунова А.А., Турусбекова А., Курбаналиев А., Ысмаилова Р. талкууга катышып, биринчи маселе боюнча төмөнкүдөй
ТОКТОМ кылат:
1. Эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 -окуу жылына 1-курстардын окуу дисциплинаны жана окутуучуларды тандоосун уюштуруу максатында жогоруда айтылган маалыматтар 1- ноябрьга чейин чогултулсун жана деканатка тапшырылсын. Көзөмөлдөө окуу иштери боюнча орун басары И.Дж. Исмаиловго жүктөлсүн.

2.2 Студенттердин калдык билимдерин текшерүү жобосун бекитүү
Угулду: Эл аралык медицина факультетинин окуу-усулдук Кеңешинин төрайымы Салиева Р. ЭМФ үчүн иштелип чыккан “Студенттердин калдык билимдерин текшерүү” жобосун ОМКнын кароосуна сунуштап, баяндама жасады.

Талкуу:
Джумаева Л.М., Момунова А.А., Турусбекова А., Курбаналиев А., Ысмаилова Р Джолдубаев С., Базиева А., Курбанбаев О.И. талкууга катышып, биринчи маселе боюнча төмөнкүдөй

ТОКТОМ кылат:
2.2. Студенттердин калдык билимдерин текшерүү жобосу бекитилсин.

2.3 "Эксперименталдык окуу планы - Чет өлкөлүк жарандар үчүн жалпы медицина" жана "560001 Чет өлкөлүк жарандар үчүн жалпы медицина 6 жыл" билим берүү программаларын аккредитациялоонун стандарттарынын талаптарына ылайык тышкы эксперттик комиссиянын сунуштарын ишке ашыруу боюнча иш-чараларды талдоо.

Угулду: Окуу методикалык кеңешинин төрайымы Салиева Р.Ш. НББПлардын аккредитациялоонун стандарттарынын талаптарына ылайык тышкы эксперттик комиссиянын сунуштары жөнүндө айтты. Окуу методикалык кеңешинин мүчөлөрү талкуулап, сунуштарды ишке ашыруу боюнча пикир билдирүүсүн жана факультетте жооптууларды дайындоо керектигин белгилеп кетти.

Чыгып сүйлогөндөр: программа башчылары Бугубаева М., Момунова А., Турусбекова А.
Талкуу:
Талкууга ТИМ каф.башчысы профессор Курбаналиев А., доценттер: Курбанбаев О.И., Джолдубаев С., Ысмаилова Р. катышып, бул маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 – окуу жылына карата кафедралардын "Эксперименталдык окуу планы - Чет өлкөлүк жарандар үчүн жалпы медицина" жана "560001 Чет өлкөлүк жарандар үчүн жалпы медицина 6 жыл" билим берүү программаларын аккредитациялоонун стандарттарынын талаптарына ылайык тышкы эксперттик комиссиянын сунуштарын ишке

ашыруу боюнча иш-чаралары бюнча иш планын иштелип чыгышы керек экендиги айтылды. Сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
2.3 2022-2023 –окуу жылына карата кафедралардын "Эксперименталдык окуу планы - Чет өлкөлүк жарандар үчүн жалпы медицина" жана "560001 Чет өлкөлүк жарандар үчүн жалпы медицина 6 жыл" билим берүү программаларын аккредитациялоонун стандарттарынын талаптарына ылайык тышкы эксперттик комиссиянын сунуштарын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын пландары 10 күн ичинде иштелип чыксын; Көзөмөлдөө программа башчыларына жүктөлсүн.

2.4. "560001 - Жалпы медицина" (GM), "560100-Коомдук саламаттыкты сактоо" багыттары боюнча көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө даярдык жөнүндө

Угулду: Программа башчылары Момунова, Бугубаева сөзгө чыгышты. ББПлар программалык аккредетациядан 2020-ж. өткөнү, ал эми институционалдык аккредетациядан 2023-ж өтүүсү ж.б. айтылды.
Талкуу:
Талкууга каф.башчылары, ОМИ боюнча жооптуулар катышып, бул маселе боюнча ОшМУнун ЭМФ кафедра башчылардын сунуштарынын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
1. 2022-2023 –окуу жылында кафедралардын окуу, методикалык, илимий, уюштуруу ж.б. ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары кафедранын, факультеттин сайт баракчасында өз убагында жайгаштыруусу күчөтүлсүн; УМС төрайымы А.Салиеванын көзөмөлүнө алынсын.

2.5 Ар түрдүү
2.5.1 ЭМФде окуу процессин уюштуруунун абалы жана окуу-методикалык иштердин сапаты
2.5.2 Билим берүү программаларын окуу адабияттары менен камсыз кылууну жана жаңылоону талдоо

Угулду: Ар түрдүү маселелерде ЭМФде окуу процессин уюштуруунун абалы жана окуу-методикалык иштердин сапаты каралды. Бул боюнча Салиева Р. маалымат берип, жалпы факультетте окуу-методикалык иштер жакшы денгээлде экенин белгиледи. Ошону менен бирге, кээ бир кафедраларда иш кагаздары толук 3 тилге которулбаганы айтылды. Ачык сабак өтүү, өз ара сабака катышуу, УМК ларды AVN порталга жүктөө иштерин күчөтүүгө көнүл буруу зарылдыгы айтылды.

Талкуу:
Талкууга факультетинин декандын орун басары Джумаева Л. жана Момунова А., каф.башчылары катышып, 2022-2023 – окуу жылында кафедралардын окуу-методикалык иштерин кучөтүү, УМКларды AVN порталына жүктөө тездетүү керектиги айтылды жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:

2.5.1. 2022-2023 –окуу жылына карата дисциплиналардын ОМКлары AVN порталына жүктөө жагы тездетилсин, 01.12.2022-ж. чейин аткаруу жагы кафедра башчыларына жүктөлсүн жана Джумаева Л. көзөмөлүнө алынсын.

2.5.2. Билим берүү программаларын окуу адабияттары менен камсыз кылууну жана жаңылоону талдоо

Угулду: Бул боюнча  факультеттин ОМК төрайымы маалымдады. Кээ бир кафедрага бекитилген дисциплиналар боюнча адабияттарды жаңылатуу муктаждыгы бар экенин эскертти. Аккредетациянын талаптарына ылайык, китептер акыркы 5 жыл ичине басмадан чыккан болуусу шарт, о.э. факультеттин ПО курамы тарабынан окуу-усулдук куралдарды, окуу китептерин чыгаруу жагын күчөтүү керектиги айтты.
Талкуу:
Талкууга факультетинин декандын орун басары Джумаева Л., Момунова А., Бугубаева, Турусбекова , ж.б. каф.башчылары катышып, 2022-2023 – окуу жылында кафедралардын окуу китептерин даярдоо жана басмага берүү иштерин кучөтүү жөнундө айтылды жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык  Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
2.5.2. Билим берүү программаларын жаңы окуу адабияттары менен камсыз кылуу жагы күчөтүлсүн, аткаруу кафедра башчыларына жүктөлсүн. ФОМК төрайымы  Р. Салиеванын көзөмөлүнө алынсын

Окуу методикалык  Кеңешинин  төрайымы:      Салиева Р.Ш.
Окуу методикалык кеңешинин катчысы:            Базиева А.